**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М. РЫСКУЛБЕКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЛДЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 08.17.543 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 65.336.6.913 (575.2):

**Джаилова Асель Джумабековна**

# Кыргыз Республикасынын аймактык өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруу

08.00.05 адистиги – Экономика жана элдик чарбаны башкаруу (экономика, ишканалар, тармактар, топтомдорду уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

**БИШКЕК - 2017**

Диссертациялык иш М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде жазылды.

**Илимий жетекчи** **Камчыбеков Толобек Кадыралиевич**
экономика илимдеринин доктору, профессор

**Расмий оппоненттер**: **Жапаров Акылбек Усенбекович**
экономика илимдеринин доктору, доцент
**Саякова Сонунбюбю Шакильевна**
экономика илимдеринин кандидаты, а.и.к

***Жетектөөчү мекеме:*** Кыргыз-Орус Славян университетинин «Улуттук экономика жана чөлкөмдүк өнүгүү» кафедрасы, дареги: Бишкек ш, Киевская көч. 44

Диссертациялык иш 2017-жылдын 31-октябрында 14.00дө М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин жана Кыргыз Республикасынын алдындагы Мамлекеттик башкаруу академиянын экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияны коргоо боюнча Д 08.17.543 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720033, Бишкек ш, Тоголок Молдо көч, 58

Диссертация менен М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин китепканасынын илимий залында таанышууга болот. Дареги: 720033, Бишкек ш, Тоголок Молдо көч, 58 .

Автореферат 2017-жылдын 29 сентябрында таркатылды.

Д 08.17.543 Диссертациялык кеңештин окумуштуу
катчысы, экономика илимдеринин
кандидаты, доцент Г.С Байтерекова.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасы (ЕАЭБ) начар өнүккөн өлкөлөрдүн бири болуп эсептелет. Ыраатсыздык менен өткөрүлгөн экономикалык реформалардын натыйжасында өлкө евразиялык экономикалык мейкиндикте социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли боюнча акыркы орундарды ээлейт. Бул көп учурда техникалык-технологиялык артта калуу жана анын инновациялык өнүгүүсүнүн төмөнкү деңгээли, андан тышкары экономиканын болгон түзүлүшү, улуттук экономиканын стратегиялык, анын ичинде чөлкөмдүк башкаруунун жетилбегендиги менен түшүндүрүлөт.

Кыргызстандын көз каранды эместик жылдарында өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн чечилбеген жана курчап келген көйгөйлөрүнүн бири болуп чөлкөмдүк айырмалык жана диспропорциярдын күчөшү. Өлкөнүн айрым облустарында натыйжалуу эмес, көп учурда чийки зат (агрардык) экономика түзүлгөн, анда чөлкөмдүк экономиканын түзүлүшүндө айыл чарбанын салыштырма салмагы 40,0%дан ашат. Республикасынын көбүнчө чөлкөмдөрү бир тараптуу, чийки зат өнүгүүсү чөлкөмдөрдүн бат өскөн калктын төмөн жумуш менен камсыз болуу деңгээлине жана алардын төмөн кирешелерине, бул өсүп жаткан жергиликтүү калктын ички жана айрыкча тышкы миграциясына таасир берет. Кыргыз Республикасында чөлкөмдүк өнүгүүнүн деңгээлинде жана темптеринде окшош айырмачылыктардын бардыгы чөлкөмдүк өнүгүүнү башкарууда олуттуу көйгөйлөрдүн бар экендиги жөнүндө далилдейт. Аларды чечүүсүз өлкөнүн туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жакынкы жылдарда камсыз кылууга жана ЕАЭБге улуттук экономиканы натыйжалуу ыраштaшууга мүмкүн эмес.

Чөлкөмдүк диспропорциялардын болушу жана күчөөсү мамлекет тарабынан өткөрүлүп жаткан экономикалык стратегиянын шайкеш эместиги менен негизделет. Макродеңгээлде реформаларды жүргүзүүгө чектелген мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн экономикалык саясат чөлкөмдүк экономиканы өлкөнүн базар экономикасына натыйжалуу киргизе алган жок, бул өзгөчө шарттарды эске албоо жана өлкөнүн чөлкөмдөрдүн артыкчылыктарына байланыштуу. Бирок Кыргыз Республиканын ЕАЭБдин толук укуктуу мүчөсү болушу чөлкөмдүк өнүгүүнү башкаруу көйгөйдү актуалдаштырат, анткени өлкөнүн аймактык экономикалык мүмкүнчүлүгүн толук жана натйжалуу пайдалануу үчүн жагымдуу шарттар түзүлүп жатат.

Буга байланыштуу мамлекеттин чөлкөмдүк саясатынын механизмдерин жакшыртуу жана жалпысынан өлкөнүн чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруу багыттарын жана принциптерин иштеп чыгуунун мааниси жогорулайт. Чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун механизмдерин иштеп чыгуу чөлкөмдөрдүн өндүрүштүк-экономикалык артыкчылыгын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн жана евразиялык ыраштaшуу шарттарында алардын натыйжалуу өнүгүүсүн эске алуу керек. Чөлкөмдөрдүн экономикасынын биринчилик жана атаандаштык тармактардын өнүгүүсүн башкаруу дагы чоң мааниге ээ.

Жогору айтылгандар чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкарууну жакшыртуу керектигине шартталган изилдеген көйгөйдүн актуалдуулугун аныктайт.

**Диссертациянын темасынын илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.** Диссертациялык иш 2013-2017-ж. Туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиянын, 2018-2022-ж. Кыргыз Республикасынын Чөлкөмдөр саясатынын концепциясынын алкагында, андан тышкары М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин ИИИ мамлекеттик планынын "Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсүнүн чөлкөмдүк көйгөйлөрү жана анын атаандаштыгын жогорулатуу" теманын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп ыраштышуу шарттарында Кыргыз Республикасынын чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкарууну жакшыртуу багыттарын жана механизмдерин иштеп чыгуу болуп эсептелет.

Буга байланыштуу изилдөөнүн төмөнкү милдеттери аныкталды:

- ыраштышуу шарттарында Кыргыз Республикасынын чөлкөмдү өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун теориялык жоболорун жана методологиялык аспектилерин изилдөө;
- чөлкөмдүк өнүгүүнүн заманбап тенденцияларынын талдоо жана чөлкөмдүк өнүгүүнүн натыйжалуулугуна комплекстик баа берүү, чөлкөмдүк өнүгүүнүн факторлорун жана диспропорциялардын шарттарын аныктоо;
- чөлкөмдүк өнүгүүнүн жөнгө салуу системасынын натыйжалуулугун аныктоо;
- чөлкөмдү стратегиялык башкаруунун багыттарын жана жакшыртуу механизмдерин аныктоо;
- атаандаштык мүмкүнчүлүктү жогорулатуу жана чөлкөмдүк экономиканын конкуренттүү өнүгүү боюнча негизги факторлорун моделдештирүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Ыраштышуу шарттарында республиканын чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкарууну жакшыртууда илимий-теориялык жоболорду негиздөө. Изилдөөнүн процессинде төмөнкү илимий жыйынтыктар алынган:

- чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун теориялык-методологиялык негиздери тереңдетилди жана негизделди;
- коомдук-экономикалык өнүгүүнүн деңгээли боюнча чөлкөмдөрдү даражалуу ажырымдоо жана чөлкөмдөргө рейтинг баа берүү жүргүзүлдү жана чөлкөмдүк өнүгүүнү жөнгө салуу системасынын негизинде өткөрүлдү;
- чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун багыттары чөлкөмдүк өнүгүүнүн биринчилик зоналарды түзүүнүн негизинде аныкталды, ыраштышуу шарттарында улуттук экономиканын салыштыруу өнүгүүсүнө жетүү максатында кээ бир чөлкөмдөрдүн озуп кетүүсүн камсыздоо аныкталды.
- чөлкөмдүк экономикалардын атаандаштыгынын өнүгүүсү, алардын евразиялык экономикалык чөйрөгө натыйжалуу кирүүсү боюнча сунуштар берилди;
- чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкарууда атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жоорулатуу боюнча экономикалык-математикалык модели иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн тажрыйбалык баалуулугу.** Алынган жыйынтыктар конкреттүү сунуштардын деңгээлине чейин жеткирилди. Аларды Кыргызстанда чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкарууда пайдаланса болот. Изилдөөнүн

материалдары чөлкөмдөрдү өнүктүрүү жана жөнгө салуу боюнча стратегиялык программаларды иштеп чыгууда жана мамлекеттик башкаруунун жана чөлкөмдүк өнүгүүнү жөнгө салуунун сапатын, натыйжалуулугун жана жыйынтыктуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Диссертациянын материалдары Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак өнөр жайы жана мелиорация министрлиги тарабынан айылдык аймактарды комплекстүү өнүктүрүү боюнча келечгин иштеп чыгууда пайдаланды.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн жыйынтыктары, иште камтылган сунуштар башкаруунун мамлекеттик жана жергиликтүү органдар менен чөлкөмдөрдүн стратегиялык башкаруусун жакшыртуу боюнча иш-чараларды жана ыраштaшуу шарттарында чөлкөмдүк өнүгүү программаларды иштеп чыгууда пайдаланса болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- чөлкөмдүк деңгээлде стратегиялык башкаруунун теориялык негиздери системалаштырылды, алар евразиялык ыраштaшуунун императивтерине түшүнүктүү көп мөөнөттүү убакытта чөлкөмдүк өнүгүүнүн атаандаштык артыкчылыктарын түзүүгө, өнүктүрүүгө жана күчөтүүгө багытталган;
- чөлкөмдүк өнүгүүнүн топтомдук баалоонун жыйынтыктары жана экономикалык мүмкүнчүлүктү пайдалануунун натыйжалуулугун башкаруунун жана чөлкөмдөрдүн факторлорунун тандалган топтору боюнча ажырымдоо жүргүзүү;
- чөлкөмдүк экономикалардын атаандаштык өнүгүүсүнүн стратегиясы жана аларды евразиялык экономикалык мейкиндикке натыйжалуу кирүүсү;
- концептуалдуу багыттар жана чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкарууну жакшыртуу механизмдери чөлкөмдөрдүн атаандаштык артыкчылыктарын ишке ашырууда жана улуттук экономиканын балансттоо өнүгүү алкагында айрым чөлкөмдөрдүн озуп кетишин камсыз кылуу;
- атаандаштык өнүгүүсү, экономикалык механизмдерди жакшыртуу, чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатууга багытталган сунуштар;
- стратегиялык башкаруунун натыйжалуулук контекстинде, анын жетишкендиктеринин белгилеринин жана өнүгүүнүн келечек максаттарын белгилөө менен Баткен облусунун экономикасынын атаандаштыгын жогорулатуунун экономикалык-математикалык модели.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы.** Өткөрүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында автор тарабынан чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун негизин аныктоодо теоретикалык жана практикалык жолдор жалпыланды жана системалаштырылды. Ошол эле учурда автор тарабынан ыраштaшуу шарттарында улуттук экономиканын балансстоо өнүгүүнүн жана айрым чөлкөмдөрдүн озуп кетүүнүн өсүшүн камсыздоонун негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктүн артыкчыларына жетишүүдө стратегиялык башкаруунун багыттары аныкталды.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндама кылынган: «Улуттук экономиканын стратегиялык багыттары» (Бишкек ш., КРСУ, 2014-ж.); «Глобализация шарттарында чөлкөмдөрдүн туруктуу өнүгүүсүнүн стратегиясы»

(Бишкек ш., КЭУ, 2015-ж.); «Экономика жана заманбап менежмент: теория жана тажрыйба» (Новосибирск ш., 2016-ж.).

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын чагылдырылышы**. Диссертациялык иштин негизги жоболору боюнча 11 илимий эмгек жарыяланды, жалпы көлөмү 4,9 б.б., анын ичинде РФ РИИЦ (РИНЦ) журналдарында – 6, КР РИИЦ журналдарында – 2, КР ЖАК тарабынан сунушталган улуттук басылыштарда – 3.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундалар жана сунуштардан, 139 булактарды камтыган пайдаланган адабияттын тизмесинен, тексттин 164 беттен, 19 таблицадан, 11 сүрөттөн, 1 тиркемеден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу негизделип, маселенин иштелип чыккан деңгээли каралган, изилдөөнүн максаты, милдеттери берилген, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы ачылган, коргоого алынып чыккан жоболор аныкталган, диссертациялык иштин теориялык жана тажрыйбалык баалуулугу негизделген.

**« Аймактык өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун илимий-теориялык негиздери»** деп аталган биринчи бапта ыраштащуу шарттарында чөлкөмдүк өнүгүүнүн экономикалык маңызы, мааниси жана өзгөчөлүктөрү, методологиялык аспектилери жана чөлкөмдүк өнүгүүнүн стратегиялык башкаруунун эл аралык тажрыйбасы каралган.

Социалдык экономикалык системалардын глобализациялоосу и регионализациялоосу улуттук экономикада кайта өндүрүү процесстер менен байланыштуу карама-каршылыктарды курчутат. Кыргыз Республикасынын улуттук экономикасына түзүлүштүн терең территориалдык дифференциациялоосу жана анын чөлкөмдүк өнүгүүсүнүн шарттары таандык. Жаратылыш жана эмгек ресурстардын бирдей эмес жайгалышы менен биригип ал республиканын айрым субъектилеринин маанилүү айырмачылыктарын байманаттардын экономикалык кызыктыргычтыгы боюнча атаандаштык жөндөмдүүлүк өндүрүштөрдүн территориясында өнүгүү үчүн аныктайт. Мындай шарттарда жетишсиз мамлекеттик жөнгө салуусуз экономиканын өнүгүүсү жана модернизациялоосу чөлкөмдөрдүн мамлекеттик дифференциациясын күчөтөт, алардын ЕАЭБге натыйжалуу кирүүсүнүн белгилүү көйгөйлөрүн түзөт. Мындай шарттарда чөлкөмдүк экономикалык система мамлекеттик жөнгө салуу чөлкөмдүк жана улуттук деңгээлде стратегиялык башкаруунун объектиси катары каралышы керек.

Экономикалык жөнгө салуунун теориясында чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун ар кандай концептуалдык багыттары бар. Пландуу экономиканын шарттарында экономиканы стратегиялык башкаруунун негизин экономикалык райондоштуруунун теориясы түзгөн. Өндүрүштүк күчтөрдү жайгаштыруу боюнча методологиялык иштөөтүүлөр стратегиялык документтерди иштеп чыгуунун негизин – Узак келечекке өндүрүштүк күчтөрдү өнүктүрүү жана жайгаштыруу боюнча башкы схема жана илимий-техникалык прогресстин

Комплексттүү программасы түзгөн, алар союздук республикалардын жана облустардын келечек социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн эң маанилүү элементтери болуп саналат.

Батыш илиминде территориялардын комплекстүү мейкиндик өнүгүүнүн методологиясы негизинен М.Портердин атаандаштык артыкчылыктардын теориясына негизделет, анда атаандаштык жөндөмдүүлүктөн басым микродеңгээлден географиялык, тармактык жана технологиялык белгилери боюнча чөлкөмдүк кластердин деңгээлине көчүрүлөт.

Орус изилдөөчүлөр В.Н. Овчинников жана Ю.С Колесниковдун пикирлери боюнча динамикалуу өнүгүп жаткан атаандаштыктын шарттарында заманбап чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун маңызы чөлкөмдөрдүн системдүү атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга бар болгон артыкчылыктарды ишке ашыруу, андан тышкары чөлкөмдөрдүн сапаттуу жаңы атаандаштык артыкчылыктарын кармап калуу аркылуу объективдүү багытталышы керек.

Кыргызстандын чөлкөмдөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө стратегиялык башкаруунун куралдарын киргизүүнүн маанилүүлүгү жана керектиги 2015-ж. чейин Кыргыз Республикасынын Социалдык-экономикалык өнүгүүнү модернизациялоо концепциясында, стратегиялык өнүгүүнүн жана башкаруунун көйгөйлөрүн кыргызстандык изилдөөчүлөрү Ш.М Мусакожоев жана А.У.Жапаров туура белгилешкен. Аталган изилдөөчүлөр сунуштаган улуттук экономиканы модернизациялоо боюнча ийкемдүү стратегия сырткы чөйрөнүн өзгөрүлүп жаткан шарттарына ийкемдүүсүнө мүмкүнчүлүк берет, ошо менен бирге чөлкөмдүк жана жалпы улуттук экономикалык системанын жашоого жөндөмдүүлүгүн жана атаандаштык артыкчыларын камсыз кылат.

Жогору айтылганды эсепке алуу менен биздин оюбуз боюнча заманбап шарттарда чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун керектиги глобалдуу жана чөлкөмдүк атаандаштык процесстери менен шартталган. Буга байланыштуу азыркы учурда стратегиялык башкаруу аны микродеңгээлде кеңири пайдалануу облусунан чөлкөмдүк жана мамлекеттик башкаруунун объектилери болгон чөлкөмдүк экономикалык системалардын деңгээлине трансформацияланат. Чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун пайдалануусунун маанилүүлүгү ырашташуу процесстердин тереңдеши, өсүп жаткан атаандаштык шарттарында чөлкөмдүк рынокторунда чөлкөмдөрдүн толук укуктуу стратегиялык субъектилерге айлануусу менен шартталган.

Буга байланыштуу, биздин көз карашыбыз боюнча, чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун маңызы узак мөөнөткө чөлкөмдөрдүн атаандаштык артыкчылыктарын түзүү, өнүгүү жана күчөтүү механизмдерин иштеп чыгууда турат, анткени ушундай чөлкөмдүк шарттарды кыска мөөнөттө түзүү бир топ көйгөйлөрдү түзөт. Бул контекстте, чөлкөмдүк экономикалык системанын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун негизги бөлүгү болот. Ушундай жол кандайдыр бир деңгээлде фирмалардын же корпорациялардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жалпыга белгилүү теориялары менен окшошуп кетет. Ошол эле учурда чөлкөмдүк экономикалык системанын атаандаштык жөндөмдүүлүгү рыноктун катышуучусу

катары белгилүү ишкананын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө салыштырмалуу кеңирээк жана татаалырак экенин эске алуу керек.

Чөлкөмдүк экономикалык системанын атаандаштык жөндөмдүүлүгү, биздин көз карашыбыз боюнча, анын ресурстук жана экономикалык базасы, инфратүзүмүнүн өнүгүү деңгээли, локалдык рыноктордун, чөлкөмдүк жана улуттук деңгээлде башкаруунун натыйжалуулугу менен аныкталат. Чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруу чөлкөмдүк экономиканын өнүгүү багыттарындагы болгон терең кайта өзгөртүүлөр, ошондой эле территориалдык башкаруунун жана чөлкөмдүк экономикалык саясаты менен камсыз болот.

Чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун маанилүү милдеттерине негизги приоритеттерди жана максаттарды тандоону белгилесе болот, алар болгон каражаттык мүмкүнчүлүтү натыйжалуу пайдаланууга, чөлкөмдөрдүн атаандаштык жндөмдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган. Буга байланыштуу, биз чөлкөмдүк өнүктүрүү боюнча стратегиялык башкаруунун төмөнкү багыттарын белгиледик:

- евразиялык интеграциялоонун императивдерине адекваттуу атаандаштык артыкчыларды түзүүгө чөлкөмдүк экономиканын өнүгүү процессинин ырааттуу стратегиялык багытталуусу;
- айрым чөлкөмдөрдүн алдыга өсүшүн камсыз кылуу, аймактык өнүгүүнүн приоритеттүү зоналарын түзүү;
- чөлкөмдүк өнүгүүнүн приоритеттүү багыттарын селекциялоо, чөлкөмдүк экономикалык системанын өнүгүү боюнча перспективдүү максаттарын үзгүлтүксүз түзөө;
- сырткы чөйрөнүн өзгөрүүлөрүнө адекваттуу чөлкөмдүк башкаруунун жана саясаттын механизмдерин кайта өзгөртүү.

**«Кыргыз Республикасында аймактык өнүгүүнүн жана башкаруунун заманбап тенденциялары»** аттуу экинчи бапта чөлкөмдөрдүн деңгээли жана өнүгүү динамикасы аңдалды, алардын өнүгүүсүнүн натыйжалуулугунун, аны менен бирге азыркы учурдагы түзүлгөн потенциалды пайдалануунун жөнгө салуу тажрыйбага комплексттүү баалоо жүргүзүлдү.

Социалдык-экономиканын өнүгүүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча олуттуу айырмачылыктар жана чөлкөмдөрдү дифференциялоо бар экенин эске алуу менен төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча Кыргыз Республикасынын чөлкөмдөрдүн экономикалык жана социалдык өнүктүрүүсүнө анализ жүргүзүү жана комплекстик баалоо өткөрүү маанилүү: чөлкөмдүк дүң өндүрүмү (ЧДӨ), анын ичинде калктын ичиндеги ар бир кишиге, чөлкөмдүк экономиканын түзүлүшү, инвестициялардын көлөмдөрү жана динамикасы, калктын жана эмгек ресурстардын саны, калктын кирешесинин деңгээли, бош эместиги жана жумушсуздугу, жаратылыш-каражаттык мүмкүнчүлүгү, сырткы соода айлануусу жана инфратүзүмү.

Чөлкөмдөрдүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүдө чөлкөмдөрү башкаруунун борболоштуруусун азайтуу жана чөлкөмдүк башкаруу органдардын маанисинин жогорулашы жалпысынан чөлкөмдүк өнүгүүнүн деңгээлине жана динамикасына таасир берет (табл. 1).

1-Таблица - Кыргыз Республикасындагы чөлкөмдүк дүң өндүрүм, млн.сом

| Облустар | 200-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баткен | 3326 | 7847 | 12827 | 13644 | 15156 | 16565 | 17126 |
| Жалал-Абад | 11456 | 26505 | 32811 | 36953 | 37509 | 43047 | 49728 |
| Ысык-Көл | 13207 | 35463 | 43204 | 36043 | 50706 | 51949 | 50340 |
| Нарын | 4162 | 7274 | 7599 | 9056 | 9734 | 11323 | 12966 |
| Ош | 9886 | 20410 | 28296 | 26936 | 27334 | 30815 | 31706 |
| Талас | 4537 | 7338 | 6652 | 9458 | 11094 | 13584 | 14503 |
| Чүй | 17231 | 29800 | 42247 | 42136 | 48340 | 58913 | 73501 |
| Кыргыз Республикасы | 100899 | 220369 | 285989 | 355394 | 400694 | 423635 | 430489 |

Булактар: автор тарабынан Улуттук статистика комитеттин маалыматтынын негизинде түзүлдү

Анализ жүргүзүлгөн мөөнөттө өлкөнүн баардык чөлкөмдөрүндө чөлкөмдүк дүң өндүрүмү өстү. Мисалы, Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош, Талас жана Чүй облустарынын кесилишинде чөлкөмдүк дүң өндүрүмү 5.1; 4,3; 3,8; 3,1; 3,2; 3,2 жана 4,2 жолу өстү. Бирок белгилеп кетчү нерсе, өлкөнүн көп облустарында чөлкөмдүк экономиканын өнүгүүсүнүн өсүү темптери (Нарын, Талас жана Чүй облустардан тышкары) акыркы беш жылда (2011-2015-жж.) мурдагы мөөнөткө салыштырмалуу төмөндөдү (2005-2010-жж.).

Ушундай белгиленген чөлкөмдүк өнүгүүнүн туруктуу эмес тенденциясы улуттук экономиканын өнүгүүсүндө чөлкөмдүк экономикалардын салымынын ылайыктуу өзгөрүүсүнө таасир берет. Чөлкөмдүк дүң өндүрүмдүн көлөмү боюнча өлкөнүн ички дүң өндүрүмү боюнча Чүй (17,1%), Ысык-Көл (11,7%), Жалал-Абад (11,5%) жана Ош (7,4%) облусттары алдыда бара жатышат. Калган үч облус (Нарын, Баткен жана Талас), улуттук экономикада бир аз салыштырма салмакты ээлесе дагы ( 3,3-3,9%), ошол эле учурда өнүгүүнүн кеңири мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Ошондой эле белгилеп кетчү нерсе, Баткен облусу ушул мөөнөттө республиканын ички дүң өндүрүмүнө кошкон өз салымын жогорулаткан жалгыз регион болду (2005-ж. 3,2 %дан 3, 9%га чейин). Жалал-Абад жана Чүй облустулардын экономикага кошкон салымы өзгөргөн жок. Ысык-Көл облусунун (13,0 %дан 11,7 %га чейин), Талас облусунун (4,4%дан 3,4%га чейин), Ош облусунун (9,7%дан 7,3 %га чейин) жана Нарын облусунун (4,1%дан 3,0 %га чейин) чөлкөмдүк экономикаларынын мааниси азайды (1-сүрөт).




1 сүрөт. Кыргыз Республикада чөлкөмдүк дүң өндүрүмдүн түзүлүшү, 2015-ж. (%да)
Булактар: автор тарабынан Улуттук статистика комитеттин маалыматтынын негизинде түзүлдү

Албетте, республиканын облустулары боюнча чөлкөмдүк дүң өндүрүмдүн көрсөткүчтөрү чөлкөмдүк экономикалардын натыйжалуулугун толук аныктабайт, ал жөнүндө толук көрүнүштү калктын ар бир кишиге чөлкөмдүк дүң өндүрүмдүн көрсөткүчүнүн анализи берет (2-Табл.).

2015-жылы республикада калктын ар бир кишиге чөлкөмдүк дүң өндүрүмү 75497 сомду түздү. Ошол эле учурда бул көрсөткүч Ысык-Көл облусунда абдан жогору, ал орто республикалык деңгээлди 46,9%га ашырат. Ошондой эле башка чөлкөмдөрдө салыштырмалуу, калктын ар бир кишиге чөлкөмдүк дүң өндүрүмүнүн өндүрүш көлөмү Чүй облусунда жогору, ал орто республикалык деңгээлден 12,4 %га жогору. Айрыкча, орто республикалык деңгээл менен салыштырмалуу, аталган көрсөткүчтүн деңгээли Ош жана Баткен облустарында төмөн (2, 7 жана 1,9 жолу). Жалал-Абад, Талас жана Нарын облустарында ал орто республикалык деңгээлден төмөн (38,7%; 20,7% жан 35,2%га).

Максималдуу (Ысык-Көл) жана минималдуу (Ош) калктын ар бир кишиге чөлкөмдүк дүң өндүрүмдүн маанисинин айырмасы республиканын чөлкөмдөрдүн кесилишинде 4,0 эсе түзөт. Орто эсептен республика боюнча калктын ар бир кишиге чөлкөмдүк дүң өндүрүмдүн мааниси 2005-2015-жж. 3, 7 эсе өстү. Калктын ар бир кишиге чөлкөмдүк дүң өндүрүмдүн өсүшүнүн эң жогорку темптери Баткен облусунда байкалат (4,4 эсе). Өсүштүн республика менен салыштыруу төмөн темптери Ош, Нарын жана и Талас облустарында белгиленген, аларда калктын ар бир кишиге чөлкөмдүк дүң өндүрүмү 2,7; 2.9 жана 2,8 эсе өскөн.

2-Таблица - Кыргыз Республикасында калктын ар бир кишиге чөлкөмдүк дүң өндүрүмдүн көлөмүнүн өзгөрүү динамикасы, учурдагы баалар менен, сом

| Облустар | 2005ж. | 2010ж. | 2011ж. | 2012ж. | 2013ж. | 2014ж. | 2015ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баткен | 8727 | 21068 | 32342 | 33696 | 36433 | 38812 | 39073 |
| Жалал-Абад | 12500 | 27650 | 33680 | 37169 | 36893 | 41411 | 46302 |
| Ысык-Көл | 31340 | 82549 | 99780 | 82403 | 114538 | 115984 | 110950 |
| Нарын | 16738 | 29298 | 30298 | 35652 | 37848 | 43483 | 49190 |
| Ош | 10086 | 20016 | 27350 | 25513 | 25265 | 27774 | 27830 |
| Талас | 21321 | 32876 | 29383 | 41086 | 47351 | 57050 | 59906 |
| Чүй | 22375 | 37306 | 52422 | 51529 | 58018 | 69374 | 84865 |
| Кыргыз Республикасы | 20000 | 42400 | 54400 | 58800 | 65016 | 71800 | 75497 |

Булактар: автор тарабынан Улуттук статистика комитеттин маалыматтынын негизинде түзүлдү

Чөлкөмдөрдүн кесилишинде экономиканын тармактык түзүлүшүнүн өзгөрүүсү аталган белги боюнча республиканын облустарын үч топко бөлүүгө шарттайт. Биринчи топко социалдык-экономикалык жактан эң өнүккөн Ысык-Көл жана Чүй облустары кирет. Бул топто экономиканын тармактык структура түзүлөт, ал өнөр жайдын өнүгүүсүнүн жетишерлик жогорку деңгээли менен мүнөздөлөт (республиканын өнөр жай өндүрүмдүн 65,0 %дан ашык өндүрүмү чыгарылат), ал айыл чарба өнөр жайынан ашат. Чөлкөмдөрдүн аталган тобу республиканын масштабында тейлөө тармагынын жана туризмдин өнүгүү деңгээли менен айырмаланат, бул келечекте дагы динамикалык өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Экинчи топко эки чөлкөм – Баткен жана Жалал-Абад облусттары кирет. Бул чөлкөмдөрдө айыл чарбанын үлүшүнүн кыскартуусуна карабастан, ал бир далай жогору бойдон калат (31,0-34,0%) жана анализделген мөөнөт учурунда өнөр жайдын бөлүгү (10.0%га жогору) жана тейлөө тармагы ( 30,0%га жогору) өскөн. Бул топтун динамикасында айыл чарбанын бөлүгүнүн төмөндөшүнүн жана өнөр жай жана тейлөө тармагынын өсүшүнүн тенденциясы байкалат. Ошондой эле бул облустарда республикада өндүрүлгөн пахтанын, жер-жемиштердин, абрикостордун ж.б. негизги бөлүгү чыгат.

Башкаларга караганда начар өнүккөн экономикалык чөлкөмдөрдүн үчүнчү тобуна республиканын Ош, Нарын жана Талас облусттары киришет. Жогору аталган республиканын облустарында айыл чарбанын салыштырмалуу салмагы 40,0 %дан ашат. Андан тышкары өнөр жайдын салыштырмалуу салмагынын төмөндөш тенденциясы байкалат.

Чөлкөмдүк экономиканын тармактык структурасындагы олуттуу айырмачылыктары көбүнчө чөлкөмдөргө байманаттарды тартуу калыптанган тажрыйба менен шартталган. Чөлкөмдүк кесилиште чет мамлекеттик байманаттарды абдан текши эмес тартуу боюнча 3-таблицадагы берилген маалымат далилдейт.

Чүй облусуна байманаттардын 10,7 %, Ысык-Көл облусуна 16,1% жана Жалал-Абад облусуна 24,6 % келет. Байманаттарды тартуу деңгээли акыркы эки чөлкөмдүн өлкөнүн ички дүң өндүрүмүнө алардын салыштырма салмагынан жогору. Жалпысынан бул 3 экономикалык жактан өнүккөн өлкөнүн чөлкөмдөрүндө байманаттардын жартысынан көбү (51,6%) келет, ал өлкөнүн аталган чөлкөмдөрүнүн жогорку байманаттык кызыктыргычтыгы жөнүндө маалымдайт.

3-Таблица - Кыргыз Республикасында чөлкөмдөр боюнча түз чет аралык байманаттардын түшүшү, АКШнын млн. доллары менен

| Облусттар | 2010ж. | 2011ж. | 2012ж. | 2013ж. | 2014ж. | 2015ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Баткен | 2,6 | 56,6 | 11,6 | 6,7 | 16,1 | 24,2 |
| Жалал-Абад | 139,3 | 66,5 | 99,3 | 138,3 | 130,3 | 202,2 |
| Ысык-Көл | 204,0 | 437,5 | 124,6 | 105,2 | 184,0 | 132,4 |
| Нарын | 0,1 | 0,3 | 0,1 | 16,4 | 5,8 | 2,5 |
| Ош | 4,9 | 13,2 | 11,5 | 19,8 | 4,8 | 3,5 |
| Талас | 38.9 | 6,3 | 36,5 | 5,3 | 34,4 | 0,9 |
| Чүй | 26,9 | 74,5 | 101.5 | 348,5 | 173,3 | 88,1 |
| Кыргыз Республикасы | 666,1 | 849,2 | 590,7 | 964,5 | 727,1 | 818,0 |

Булактар: автор тарабынан Улуттук статистика комитеттин маалыматтынын негизинде түзүлдү

Чет элдик байманаттардын көлөмү боюнча тарткан кичи чөлкөмдөрдүн арасынан өзгөчө Баткен облусун белгилесе болот, бул чөлкөмгө 2,9%дан ашык байманаттар келет. Байманаттар негизинен айыл чарба өндүрүмүн кайта иштеп чыгуу тармагына берилет. Ош, Талас жана Нарын облустарынын экономикасына чет элдик байманттар эң аз тартылат, аларда байманаттарды тартуу мүнөзү туруктуу эмес мүнөзгө ээ.

Чөлкөмдөрдүн өнүгүүсүнүн инфраструктуралык мүмкүнчүлүктөрүнө мүнөздөмө берүү максатында шаарлардын жана шаардык типтеги поселоктордун жыштыгынын

көрсөткүчтөрү эсептелген (жайлаштыруунун жыштыгы), өлкөнүн аймактарынын кесилишинде цивилизациянын индекси жана инфратүзүмүнүн индекси, территориянын аянттарынын аныкталган мамилеси менен аныкталган, алар территориянын аянттарынын, облустун шаардык жана айыл калкынын аталган облустун шаарларынын жана шаардык типтеги поселоктордун суммардын санына жарана мамилеси менен аныкталган.

Шаардагы жайлаштыруунун көрсөткүчтөрүнүн жогорку деңгээли тигил же бул чөлкөмдүн аймактарда инфратүзүмдүн жана инфрабайланыштардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлөрдүн бар болуусун тастыктайт. Жайлаштыруунун жыштык көрсөткүчтөрү мамлекеттин айыл аймактарында, өнүккөн чөлкөмдөргө салыштырмалуу жогору экени чөлкөмдөрдүн инфраөнүгүүсүнүн бөлүнүүсүн тастыктайт. Жайлаштыруунун эң жогорку жыштык көрсөткүчү Нарын (45,2), Ош (12,5) жана Талас (11,4) облустарында, аларда чөлкөмдүк экономикада айыл чарбасынын салыштырма салмагы жогору жана калкы негизинен айыл жеринде жашаганы мамлекеттин өнөр жайы өнүккөн чөлкөмдөрүнө салыштырмалуу инфратүзүмдүн жана коммуникациянын өнүгүүсүндө көйгөйлөр бар экенин тастыктайт. Ошого жараша бул көрсөткөчтөр аймактын кичине өлчөмүндө шаарлар жана шаардык жайлаштыруулар көбүрөөк жайгандыктан, Чүй жана Жалал-Абад облустарында бир кыйла төмөн.

Экинчи маанилүү көрсөткүч – инфратүзүм жана коммуникациянын тармактары бир далай өнүккөндүгү шаардык калктын азыркы абалы цивилизациянын индексин чагылдырат. Республиканын бардык чөлкөмдөрү боюнча бул көрсөткүч орточо республикалыкка салыштырмалуу төмөн жана жалпысынан мамлекеттин бардык чөлкөмдөрүндө шаардык жайлаштыруунун жетилбегенин күбөлөндүрөт.

Акыркы инфратүзүмдүк көрсөткүч – инфратүзүмдүн индекси айыл жергесинде инфратүзүмдүн өнүгүүнүн, мамлекеттин чөлкөмдөрдөгү калкты камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берет. Эң жогорку көрсөткүчтөр Нарын (236,), Ош (378,0) жана талас (212,0), алар орто республикалык көрсөткүчтөрдөн 2,4; 3,9 жана 2.1ге жогору болуп, инфратүзүм жана коммуникацияга муктаж болгон калктын санын көптүгү тууралуу тастыктайт. Чүй, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында инфратүзүмдөрдүн өнүгүүсүнүн ылайыктуу көрсөткүчтөрү мамлекеттин бул чөлкөмдөрүндө инфратүзүндүн өнүгүнүн деңгээли жана байманаттык жагымдуулугу жөнүндө көрсөтүп турат.

